УДК: 82

Конгайтиева С. А.
*Талас мамлекеттик университети*

# ЖЕҢИЖОКТУН САНАТ- НАСЫЯТ ЧЫГАРМАЛАРЫ

Азыркы эгемендүү көз карандысыздыкты алгандан кийин, өз киндигибизди өзүбүз кесип, кыргыз элинин улуттук каада–салтында тарбиялоо азыркы учурда актуалдуу маселелердин бири. Мына ушул маселени чечүүдө кыргыз акындарынын акыл – насаат-үлгү ырларын окутуп-үйрөтүү менен ишке ашырылышы маанилүү экендиги баарыбызга маалым.

Ошондуктан, баарыбызга белгилүү болгондой эле кыргыз акындарынын залкары

«Жел жетпеген Жеңижок,

Талантына чеги жок,

Таймаштарга теңи жок», - деген сыпаттоолорго ээ болгон Женижоктун санат-насыят- үлгү ырларынын тарбиялык маанисин ачып көрөлү.

Нуска деген элибизде «үлгү», «өрнөк», «таалим» дегенди туюндурат [4]. «Акылдуунун сөзү кыска, айта келсе- нуска» деген макал бар. Уксаң таалими зор, тарбиясы күчтүү, айтсаң макал, ылакап катары кабыл алынчу, учкул тизмектелген нускалуу ырларды ырчылык чеберчилиги артылган, акыл-сезими тунук, турмуштук тажрыйбасы мол ири акын, төкмөлөр гана нускалап ырдаган, «Нускоочу ырчылар» делип, ар санатты үзбөй ырдаган ушундай алп ырчылар аталган. «Кээ бир акындар коомдук турмушту, окуяларды жана кубулуштарды тереңден алып ырдайт. Аларга акылмандык менен баа берет. Өздөрүнүн акыл-насааттарын, аң- сезимди ойготууга карай ой- пикирлерин көпчүлүккө туюндуруп айтат. Андай ырлардын мазмуну терең, сөзү күчтүү, уйкаштыгы мыкты келип, өзүнүн мааниси боюнча элге турмуш жолун үйрөтүүгө, жаратылыш кубулуштарын ж.б. жүрүш-туруш эрежелерин билдирүүгө багытталган. Сөздөрүнүн таамай, күчтүүлөрүнө, ырларынын маанисине карай андай ырчылар- нускоочу акын деп- аталган», - деп жазат Ж.Таштемиров [5].

Жеңижоктун «Үлгү ырларын» алып көрөлү,

Аргымак аттын күлүгүн,
Айдап коөт алыстан.
Ар түркүн кылып кеп баштайт,
Акын адам даанышман!
Куптанда учуп оокат жейт,
Куруган байкуш жарганат
Уурулардын адаты,
Өлгөнүнчө карганат.
Жайылып келсе бардыгы,
Жылдыздын нуру Айдайбы?
Барктап күндө баксаң да,
Булбулуң гүлсүз сайрайбы!
Көөрүктүн күчү болбосо,
Көмүргө темир кайнайбы!

Баш барда келет мейманың,
Башың өтсө дүйнөдөн,-
Балаңа калат жыйганың!
Көз барда келет мейманың,
Күмүштөй башың өткөн соң,-
Каралбай калат жыйганың!

Андыктан, мындай ырларды көрүнгөн эле ырчылар ырдай бербеген. Нукура нускалуу ырларды өз башынан өткөргөн, көргөн, уккан, сезим, туюм баамына урунган бардык нерселерден туура жыйынтык чыгара билген кыраакы адам түгүл түркүн айбанаттар, канаттуулар, курт-кумурскалар, өсүмдүктөр дүйнөсүнө, ал түгүл бүткүл аалам алкагын аңдап билип, таразалай алган ойчул, сынчы, акылман, турмуштук тажрыйбасы жетиштүү, төкмөлүгү, же акындыгы артылып турган эл ырчылары, эл акындары жараткан. Мындай учкул тизмектер муундан муундарга өтүп, айтылып кала берерлигин улуу ойчул бабабыз Жусуп Баласагын даанышмандык менен

төмөндөгүчө туюндурган:

Адам өлсө сөзү калат артында,
Жакшы атагы жашай берет калкыңда!

Тээ абалкы доорлордо жашап өткөн ата-бабаларыбыздын айткан, колдогон нускалуу кеп сөздөрүнүн макал, лакапталып, кыйытма түргө өтүп, тамсилденип, сырдуу түйүндөрдү катып табышмакталып биздин күнгө келип жеткендиги мунун ачык далили.

Жеңижок нускоочу акын. Нускоочу акындардын нускалуу чыгармалары деп санат-насыяттарды жана терме ырларын көрсөтүүгө болот. Булар жалпысынан «үлгү ырлар» деген ат менен белгилүү. Кыргыз турмушундагы бул ырлар, терме –санат («Кара ыр» деп дагы аташкан А.О.), деп аталып келген. Эми ушул багыттагы ырларга токтолуп көрөлү.

«Санат кыргыздын оозеки адабиятында өтө кеңири өнүккөн бир түрү. Санат ырлардын мазмуну турмуш - тиричилик жөнүндө философиялык ой жүргүзүп, жеткинчектерге турмуш салты, тиричилик эрежелери жөнүндө түшүнүктөр берип, акыл-насаат үйрөтүүгө, таалим-тарбия берүүгө курулган», - деп жазган Т. Саманчин. Жеңижоктун «Санат» ырын алып көрөлү:

Бар болуп малың чачылбайт,
Жок болбой жонуң ачылбайт.
Башына мүмкүн иш түшпөй,
Малың арзан сатылбайт.
Кеспей терек жыгылбайт,
Жетимдин арты жабылбайт
же болбосо,

Сөз кадырын биле албайт,
Өзүнөн акыл чыкпаган.
Кеп маанисин биле албайт,
Башынан акыл жукпаган.
Ашыктык жайын биле албайт,
Албырып отко күйбөгөн.
Жар кадырын биле албайт,
Жаш кезинен үйлөнгөн.
Нар кадырын биле албайт,
Жетелеп төө тартпаган.

Ал эми Жеңижок «Насыят» ырында мындайча баяндайт:
Арча менен карагай,
Асман мелжийт Чаначта.
Арпа менен ак буудай,
Бүткөн жери Таласта

Айдын-Көл бети тунукта,
Адамдын башын кайсаган.
Ашык өлүм улукта,
Айтарга тил жок дудукта.

Кургак жерден суу чыкпайт,
Жоо көрүнбөй туу чыкпайт.
Ыйманы бүтүп пендеден,
Жалган айтар куу чыкпайт.

Качырып кирип келгенде,
Каман мойнун буралбайт.
Карылуу киши тап берсе,
Каруусуз начар канетсин,
Каяша кылып туралбайт.

Санат-насыят ырлары деп, адамдардын кулк-мүнөздөрү, үй-бүлөлүк жана коомдук мамилелери, турмушка, дүйнөгө көз караштары, адамкерчилик жөнүндө көркөм элес, курч сөздөр менен акыл, насыят иретинде тарбиялоо максаты менен айтылган терме ырларды айтабыз.

«Санат» жана «насыят» формасы жана мазмуну жагынан бир гана жанр. «Санат» деген сөз белгилүү бир темада эмес, адамдар турмушунун ар түрдүү маселелери жөнүндө даанышмандык менен айтылган макал сыяктуу сүйлөмдөрдү чогултуп, терип, бир ырга жыйноо деген мааниде. «Насыят» дегенибиз чогултулуп, саналып айтылган сапаттар угуучуларга акыл-насаат түрүндө айтылат. Санат (насыят) ырларында белгилүү сюжеттик өзөк болбойт [6].

Айтылган санат-насыятта чоң турмуштун сынынан өткөн нукура чындык. Турмушта практикаланган чындык- чүйгүн сөздөр менен ого бетер салмагы артып элестүү, төп салыштыруулар менен кооздолуп, бардан да аны баары акындын тунук акылы менен калыс таразаланып келип учкул тизмектелгенде гана- «улуу сөзгө», «улуу сөздөн куралган – ырга» айланат. Жана мунун баары элдин духуна, элдик көз карашка далма-дал келип турат. «Ырчылардын өздөрү санатты «Калыс ыр», - деп баалашкан, анткени уруучулдук мазмунунда жана тенденциялык мүнөздө болгон кордоо, мактоо, айтыш ырларына караганда санаттарда элдин жалпы тиричилигиндеги, турмушу жөнүндө адилеттүү калыс пикирлер айтылып, идеялык мазмуну элдик багытта болгон» - дейт Т.Саманчин.

Санат ырда адамдын көз карашы, ою жеткен санаасында жүргөн турмуштук бардык жагдайлар термелгендиктен макалга окшоп тематикага бай.

Күнгөйдүн бетин кар албайт,
Күндүз чырак жаналбайт.
Чоркок чыгач жаралбайт,
Чогууга жаман баралбайт.

Өйдөгө арык жүрө албайт,
Өксүгөн пенде күлө албайт,
Өлөөрүн адам биле албайт,
Өзү баш бала тил албайт.

Ашыкча доор келгенде,
Агарып аткан таңдайсың.
Аякка куйган балдайсың!
Ашыкча доор кеткенде,
Алынан кеткен чалдайсың.

Күлүстөн доор келгенде,
Намыстуу жигит карматар.
Намысы жок бир жаман,
Какшаган менен кур калар!.

«Санат ырлар тематика жагынан өтө кеңири: эрдик, адилеттик, адамкерчилик, патриотизм, эмгек, өнөр, билим, байлык, достук, турмуш-кызыкчылыгы ж.б. жөнүндө айтылган. Демек, санат ыр элдин турмуш тиричилигине байланышкан окуялардын көпчүлүгүн өз ичине камтыгандыгын» Т.Саманчин туптуура жазган.

Сынчы Аман Токтогулов белгилегендей, «Жеңижок тарбиялык мааниси терең, уккан элдин акылына уюй турган кептерди санаттап айткан чоң нускоочу акын, калк алдында бетме-бет чыга келгенде эч кимден жеңилбеген айтыштын устаты, «Манас», «Семетей», «Эр Төштүк», «Кожожаш» өңдүү элдик эпосторду күндөп-түндөп айткан жомокчу, чу деген жерден оозунан ыр куюлган төкмө, өз заманында окуй билген, жаза билген билимдүү, түшүнүктүү адам болгон».

Жеңижоктун чыгармалык ой чабытында адам негизги орунду ээлейт балким, ушул себептен акындын кыйла ырлары жаратылыш, адамдын андагы орду, адам жана анын тагдыры сыяктуу түшүнүктөрдү өзүнө камтыйт. Жеңижок «дүйнө», «адам», «тагдыр» жөнүндө ырдаганда дүйнөдө жүрүп жаткан кубулуштар менен айкалыштыра ырдап, адам тагдыры коомдогу анын ордуна жараша боло турганы жөнүндөгү ойлорду айтат.

Философиялык ой толгоолордо жыш санаттарынын кайсынысын албайлы акындын чеберчилиги көрүнүп турат:

Бул дүйнөдө ким калат?
Жылдызы бар түн калат,
Жарык берген күн калат,
Кандар өтүп калк калат,
Бетеге кетип бел калат,

Бектер кетип эл калат.

«Айт, айт десе», «Дүнүйө», «Турбайбы», «Санат», «Насыят» сыяктуу ырларындагы жашоону, тазалыкты, ыймандуулукту, жер сууну, сүйүүнү, үй-бүлөдөгү ынтымакты даңазалайт:

Акындардын ырын айт,
Акылмандын сырын айт,
Кедейлердин муңун айт,
Балбандардын күчүн айт.
Арстандын сүрүн айт,
Булбул торгой үнүн айт,
Чөбүн айтпай, гүлүн айт,
Туулуп өскөн жериңди айт,
Куттуу кыргыз элиңди айт.

Санат-насыят, терме ырлары - акындар поэзиясындагы туруктуу темалардын бири. Акындардын турмуштук позициясын, адам жана анын турмушу жөнүндөгү философиялык, моралдык, нравалык тажрыйбасын, кругозорун, билимин, прогрессивдүү- гуманисттик ой-санаасын билдирүүчү жанрлардын бири ушул санат формасындагы дидактикалык ырлар болуп саналат. Акындын ой дүйнөсү, түшүнүгү канчалык кеңири болсо, санат ырларындагы агартуучулук жана тарбиялык таасири ошончолук күчтүү болот. Албетте, терең ой, гуманисттик бийик идея акындын талантына байланышкан чоң чеберчиликте ачылбаса, анда ал ырлар өзүнүн эстетикалык маанисин, тарбиялык таасирдүүлүгүн жоготот. Айтайын деген жакшы ойлор элге жетпей калат. Жеңижоктун санаттары андай идеялык-көркөмдүк жактан чабал чыгармалар эмес. Тескерисинче, кыргыз акындар поэзиясындагы идеялык-көркөмдүк жактан чоң чеберчиликте иштелген, өз алдынча айырмаланып турган, адам баласынын ички руханий жан дүйнөсүнүн, ыймандын тазалыгына үндөгөн философиялык ой-толгоолор, башкача айтканда «кут табуунун илими», - деп койсо да болот.

Акындын «Санат», «Накыл кеп», «Үлгү ырлары», «Жакшы уул», «Жаман уул», «Жаман катын», «Айтсам сөздүн жөн жөнүн», «Акын болсоң», «Терме», «Дүнүйө», «Үй–бүлө», «Дан кайда да, мал кайда», «Насыят», «Айтамын санат тобуңа» аттуу ырлары мына ошол дидактикалык санат ырларынын циклине кирет. Сөз болуп жаткан бул ырлардын цикли акын тарабынан аң-сезимдүү түрдө атайын нукура санат, насыят, терме формасында чыгарылып, эл арасына кеңири тараган чыгармалардан болуп саналат.

Жеңижоктун кайсы гана санат-насыят ырларын албайлы тарбиялык таасири күчтүү, турмуш чындыгынын дал үстүнөн түшкөн мазмундуу ырлардын ар бир сабы нуска.

Өлмөйүнчө көр болбойт,
Жакшы адамды жандаган.
Ар жерге батпайт ушакчы,
Элден элди тандаган.
Сөз кадырын биле албайт,
Өзүнөн акыл чыкпаган.
Жан кадырын биле албайт
Айтса акылды укпаган («Санат»).

Ар ишти кылгын кер барда.
Сага бекер оокат, аш кайда?
Жалкоолук түбү кууратат,
Эмгектенсең зор пайда»
«Айтсам сөздүн жөн-жөнүн».

«Атың барда жер тааны,
Атаң барда – эл тааны.
Экөөбү тең бар чакта,
Эмгектенет, эр жигит,
Эпчил болуп жан сакта!

Эртеңкини ойлоп жүр,
Эрмин десең- калп айтпа!»
(«Айтамын санат тобуңа»)

«Күн менен түндү камчылап,
Өтүп жатат дүнүйө.
Журттан журтка ташынып,
Көчүп жаткан дүнүйө.
Бири күйсө, бирөөбү
Өчүп жаткан дүнүйө
Бири учса бирөбү
Конуп жаткан дүнүйө»
(«Дүнүйө»).

Мына ушул келтирилген үзүндү ыр саптарынын мазмунун эле байкап, ой жүгүртүп көрсөк, акындын гумандуу бийик нравалык принциптерине, философиялык ой толгоолоруна күбө болобуз. Эч кандай түшүндүрмөнү талап кылбастан эле жөпжөнөкөй көрүнүш, ар кимге түшүнүктүү болуп турган бул саптарда акындык бийик ыймандык критерийи, дүйнөгө болгон прогрессивдүү көз карашы жатат. Ошону менен катар Жеңижоктун өзүнө жеке таандык идеялык-эстетикалык концепциясы да даана эле байкалат.

Башка акындардай эле Жеңижок «Терме» ырларын да жараткан. Терме ырлар адамдын аң-сезиминде чагылган, турмушта таразаланган, баамга урунган бардык көрүнүштөрдүн салт, нускалардын термеленип ырга салынышы. «Терме» деген аталыш ошондон келип чыккан. Терме ырлар адамдарга, айрыкча жаштарга насааттуу келип, дидактикалык чыгармалардын катарына кирип, санат –насыят сыяктуу үлгү ырларынын бир бутагын түзөт. Т.Саманчин: «Санат ырлар ыр курулушу жагынан термеге жатат».

Терме
- Кыйла жашка барганың,
Кырктан ашып калганың.
Жаныңда болсо ар дайым,
Жактырып сүйүп алганың.
Өзүңдүн ордуң жоголбойт,
Өнүп өссө балдарың.
«Аталашып» ийилип,
Аяшпаса жардамын.
Өтө берет тирилик,
Кудай алсын калганың

Күн артынан Күн чубап,
Өтө берет турбайбы.
Өткөн күн менен өмүрүң,
Кете берет турбайбы,
Каниет кылсаң баарына,
Жете берет турбайбы.

Тогузу болгун жылдыздын,
Туйгуну болгун кыргыздын!
Жетиси болгун жылдыздын,
Жетиги болгун кыргыздын.
Учу болгун кылычтын,
Уулу болгун кыргыздын.
Сабы болгун кылычтын,

Сазы болгун кыргыздын!... деп Жеңижок акын бир кылым мурда жашап өтсө да бүгүнкү күндө кыргыз улутунун азыркы абалын билип туйгандай чакырыктары туюлат. Жыйынтыктап айтканда, залкар акындын санат-насыят, терме ырлары биз үчүн тарбиянын түп нускасы.

Адабияттар

1. Обозканов А. Төкмөлүктүн башаты, калыптануу этаптары. –Б.: Шам, 2006 135-138б, 143б.
2. Акындар сериясы. Залкар акындар Жеңижок-2, 298-299 б.
3. Токтогулов А. Таберик. /Түзгөн Түгөлбай Казаков. –Бишкек, 1997, 264-б.
4. Кыргыз адабияты / Түзгөндөр: Бекшенов З., Байжиев Т. Бишкек, 1993,73-б.

5. Жусуп «Кут алчу билим». Козубеков –Ф.Кыргызстан. 1988, 8-б.
6. Кыргыз адабияты, 2 басылышы / Түзгөндөр: Бектенов З., Байжиев Т.- Бишкек. 1993, 75-б.
7. Карасаев Х. Өздөштүрүлгөн сөздөр: Сөздүк. – Фрунзе. 1986. 212б.
8. Кыргыз адабияты /Түзгөндөр Маленов Б., Мусаева С., Таштемиров. –Ф.. 1973, 8-б.